КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

ТОРУ-АЙГЫР-ТАМЧЫ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК -КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА
ТОРУ-АЙГЫР-ТАМЧЫ

**Эл депутаттарынын Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезексиз сегизинчи сессиясы**

# Т О К Т О М №145

2025-жылдын август айынын 21и — Тамчы айылы

Лизингге кызматтык автоунаа алууга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары” жөнүндө 2021-жылдын 20-октябры № 123 Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинентинин 2025-жылдын 7-июлундагы №633 тескемесин аткаруу максатында, Мамлекеттик лизинг компаниясынын №1-08-2/215 30.07.2025 кайрылуусун карап чыгып, Эл депутаттарынын Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезексиз сегизинчи сессиясы

Т О К Т О М К Ы Л А Т:

1.Мамлекеттик лизинг компаниясы аркылуу Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын айыл өкмөтүнө «Шевролет-треккер» үлгүсүндөгү кызматтык жеңил автоунаа алууга макулдук берилсин.

2.Алынган автоунааны лизингдин бүткүл мезгилине камсыздандыруусу жана лизингке алынган техникаларын өз эсебинен башка чыгышалардын акча каражаты каралсын.

3.Кызматтык автоунаанын төлөмдөрүн 5 жыл аралыгында төлөө жагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык айыл өкмөтүнүн бюджетинен төлөнүп берилсин.

4.«Мамлекеттик лизинг компаниясы» ачык акционердик коому менен лизинг келишимине жана келишимден келип чыгуучу башка документтерге кол коюу укугу айыл өкмөтүнүн башчысы А.Джаныбековго жүктөлсүн.

5.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Тору-Айгыр-Тамчы айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Джаныбековго милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Н.Т. Иманалиев**